DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Шерова А.О., Шадимуратова А.А., Кумаров Ш.К.*

# КЫРГЫЗСТАНГА ПРОБАЦИЯНЫН ТААСИРИ

*Шерова А.О., Шадимуратова А.А., Кумаров Ш.К.*

# ВЛИЯНИЕ ПРОБАЦИИ НА КЫРГЫЗСТАН

*A. Sherova, A. Shadimuratova, Sh. Kumarov*

# IMPACT OF PROBATION ON KYRGYZSTAN

*УДК: 343.2/34.7*

*Макалада пробация кызматы жөнүндө түшүнүк берилип, анын азыркы учурда Кыргызстанда кандай иштеши тууралуу маалымат берилген. Пробациянын максаттары жана милдеттери, укуктук негиздери, кардарлары тууралуу жазылган. Пробациянын кардарлары укуктарга, эркиндиктерге ээ экендиги жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Жазык кодексинде, Жоруктар жөнүндө кодексинде, Жазык-процесстик кодексинде, Жазык-аткаруу кодексинде, пробация тууралуу мыйзамда жана башка мыйзам актыларында белгиленген чектөөлөр менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын милдеттерин көтөрөгөндүгү тууралуу айтылды. Соттолгон жаран пробациялык көзөмөлгө алынуу үчүн эмне кылышы керек? Кимдер пробациялык кардар боло алышпайт? Ушул суроолорго толук маалымат жазылган. Соттолгон жарандын оңолуусуна, түзөлүүсүнө, коомго аралашуусуна шарт түзгөн мыйзам өлкөгө 2019-жылдын башынан тарта күчүнө кирип, иштеп баштаган. Кыргыз Республикасында пробация жөнүндө мыйзамы 2017-жылдын 24-февралы №34 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып 2017-жылдын 12-январында күчүнө кирген.*

***Негизги сөздөр:*** *пробация, кылмыш, жаза, кодекс, соттолгон, адам, укук, милдет, пробация, кардар, сот, өкүм.*

*В статье представлен обзор службы пробации и того, как она работает в настоящее время в Кыргызстане. Описываются цели и задачи пробации, правовая база и клиенты. Было отмечено, что клиенты пробации имеют права и свободы и несут обязанности граждан Кыргызской Республики в пределах, установленных Конституцией Кыргызской Республики, Уголовным кодексом, Кодексом правонарушений, Уголовно-процессуальным кодексом, Уголовно-процессуальный кодекс, Закон о пробации и другие законодательные акты. Что делать осужденному на испытательном сроке? Кто не может быть клиентом испытательного срока? Эти вопросы освещены подробно. Закон, позволяющий осужденному реабилитироваться и интегрироваться в общество, вступил в силу в стране в начале 2019 года. Закон о пробации в Кыргызской Республике был принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 февраля 2017 года 434 и вступил в силу 12 января 2017 года.*

***Ключевые слова****: пробация, преступление, наказание, кодекс, осужденный, человек, право, обязанность, пробация, клиент, суд, приговор.*

*This article provides an overview of the probation service and how it currently works in Kyrgyzstan. The goals and objectives of probation, legal framework and clients are described. It was noted that probation clients have rights and freedoms and bear obligations of citizens of the Kyrgyz Republic within the limits established by the Constitution of the Kyrgyz Republic, the Criminal Code, the Code of Offenses, the Criminal Procedure Code, the Criminal Procedure Code, the Probation Law and other legislative acts. What should a convicted person on probation do? Who cannot be a client of the probationary period? These issues are covered in detail. The law, which allows a convicted person to rehabilitate, rehabilitate and integrate into society, came into force in the country in early 2019. The Law on Probation in the Kyrgyz Republic was adopted by the Jogorku Kenesh of the Kyrgyz Republic on February 24, 2017 434 and entered into force on January 12, 2017.*

***Key words****: probation, crime, punishment, code, convict, person, right, duty, probation, client, court, sentence.*

Пробация жөнүндө мыйзамдын Кыргызстанда иштеп жатканына эки жылдан ашып барат. Бул аралыкта кандай өзгөрүүлөр болду, мыйзам өз максатына жеттиби, пробацияга алынган жарандар кандай көз караштa?

Соттолгон жарандын оңолуусуна, түзөлүүсүнө, коомго аралашуусуна шарт түзгөн мыйзам өлкөгө 2019-жылдын башынан тарта күчүнө кирип, иштеп баштаган.

Кыргыз Республикасында пробация жөнүндө мыйзамы 2017-жылдын 24-февралы №34 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып 2017-жылы 12-январда күчүнө кирген.

**Пробациянын максаттары жана милдеттери:**

1. Коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу, пробациянын кардарларын түзөө жана кайра социалдаштыруу үчүн шарттарды түзүү, алардын жаңы укук бузууларды жасоосун эскертүү пробациянын максаттары болуп саналат.

2. Пробациянын милдеттери:

1) коомдон обочолонтууга байланышпаган жазык жазаларын жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын жазык аткаруу мыйзамдарында белгиленген тартипте аткаруу;

2) белгилүү бир мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазадан шарттуу-мөөнөтүнөн мурда бошотулган адамдарга көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

3) жүрүм-турумду түзөө, укукка баш ийген жашоо ыңгайын калыптандыруу;

4) пробациянын кардарынын ким экендигин иликтөө, социалдык-психологиялык портретти түзүү;

5) пробациянын кардарларынын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу таламдарын камсыз кылуу;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



6) пробациянын кардарын жабырлануучу менен жараштыруу;

7) пробациянын кардарлары тарабынан укук бузуулардын жасалышын алдын алуу;

8) социалдык жана реабилитациялык программаларды ишке ашырууну координациялоо;

9) тескери мүнөздөлүүчү пробациянын кардарларынын башка пробациянын кардарларына терс таасир этүүсүн жокко чыгаруу;

10) пробациянын кардарларына карата коомдун стигмасын жокко чыгаруу жана андан арылуу.

**Пробациянын укуктук негизи:**

Пробациянын укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Жазык кодекси, Жоруктар жөнүндө кодекси, Жазык-процесстик кодекси, Жазык-аткаруу кодекси, ушул Мыйзам, пробация чөйрөсүндөгү укуктук мамилелерди жөнгө салган, анын ичинде коомдон обочолонтпостон жазаны жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу жана өтөө тартибин жана шарттарын белгилеген башка ченемдик укуктук актылар, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер түзөт [1]:

1. Пробациянын кардарлары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) соттун өкүмү менен коомдон обочолонтпостон жаза жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларынын төмөнкүдөй түрлөрү белгиленген адамдар:

а) коомдук иштер;

б) белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу;

в) түзөтүү иштери;

г) эркиндигин чектөө;

д) жашы жете электерге карата тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары жана эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө;

е) пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазык жазасынан бошотуу;

2) эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулгандар жана көзөмөлдө тургандар;

3) бир жылдын ичинде жаза өтөө боюнча түзөтүү мекемелеринен бошотууга тийиш болгондор.

2. Пробациянын кардарлары болуп ошондой эле аларга карата социалдык изилдөө жүзөгө ашырылган төмөнкүдөй адамдар саналат:

1) аларга карата сот тарабынан пробациялык баяндаманы даярдоо белгиленген айыпталуучулар;

2) эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза өтөөдөн мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошотулууга тийиш болгон соттолгондор.

Пробациянын кардарлары укуктарга, эркиндиктерге ээ жана Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Жазык кодексинде, Жоруктар жөнүндө кодексинде, Жазык-процесстик кодексинде, Жазык- аткаруу кодексинде, ушул Мыйзамда жана башка мыйзам актыларында белгиленген чектөөлөр менен Кыргыз Республикасынын жарандарынын милдеттерин көтөрөт.

Пробациянын кардарлары төмөнкүлөргө укуктуу:

1) жазаны жана жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чараларын өтөөнүн, пробациялык көзөмөлдүн шарттары жана тартиби жөнүндө маалыматты суратууга жана алууга [2].

2) жардамдын жана консультациянын түрлөрү жөнүндө маалыматты суратууга жана алууга;

3) өзүнүн укуктары жана милдеттери жөнүндө түшүндүрмөлөрдү суратууга жана алууга;

4) кайра социалдаштыруу программаларына катышууга;

5) жардамды жана көмөк көрсөтүүлөрдүн ушул Мыйзамда жана башка ченемдик укуктук актыларда каралган башка формаларын алууга;

6) пробация органынын аракеттерине жана чечимдерине даттанууга.

Пробациянын кардарлары төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) мыйзамдарда жана соттун өкүмүндө белгиленген милдеттерди аткарууга;

2) мыйзамда белгиленген мөөнөттө пробация органдарында каттоого турууга жана пробация органдарынын персоналынын талаптарын аткарууга;

3) пробация органдарынын талабы боюнча зарыл маалыматты берүүгө;

4) берилген жардамды багыты боюнча пайдаланууга.

Жазага тартылгандар (пробациялык кардарлар) менен иштешүү 2019-жылга чейин эле бар болчу. Болгону Жазык аткаруу кызматы боюнча мекемеде Жазык-аткаруу инспекциясы деген башкармалык болуп, ал башкармалык азыркы пробация органы аткарган функцияны аркалап келген. Бирок анда басым эсеп жана мониторингге эле жасалган. Мисалы, соттолуучулар эрежелерди аткарып жатабы же жокпу, өз убагында келип атабы деген сыяктуу маселелер гана маанилүү болгон.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ал эми «Пробация жөнүндө мыйзам» соттолуучунун коомго аралашуусуна, психолгиялык абалына маани берип, ички дүйнөсү менен иштешүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Пробация кардары 5 жылдан ашпаган мөөнөткө эркинен ажыратылган кылмышкер, башкача айтканда жеңил кылмыш кылган жаран боло алат. Алар жаза катары коомдук жумуштарга, түзөтүү жумуштарына тартылып, кээ бир кызматтарды ээлөө укугунан ажыратылат, эркиндиги чектелет жана пробация органдары тарабынан көзөмөлдө болушат. Органга айына эки жолудан келип, каттоодон өтүшөт, кандайдыр бир жерлерге барышпайт жана кээ бир адамдар менен жолугушуусуна тыюу салынат.

Соттолгон жаран пробациялык көзөмөлгө алынуу үчүн эмне кылышы керек?

Пробациялык кардар болгусу келген адам адвокат аркылуу же өзү деле сотко өтүнүч келтирсе болот. Ошондой эле эгерде оор эмес кылмыш менен, беш жылга чейинки жаза алган адам болсо, анда соттор деле өздөрү пробациялык көзөмөлгө талап жиберет.

Кимдер пробациялык кардар боло алышпайт?

Пробация көзөмөлү оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгондорго, Кыргызстандын аймагында убактылуу жашап турган чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга, ошондой эле жашы жетелек өспүрүмдөрдү зордуктаган адамдарга колдонулбайт.

Статистика:

2020-жылы пробациялык органдарга Ош, Баткен жана Жалал-абад облустары боюнча 2 208 соттук талап келип түшкөн. Алардын 1411 кардар пробациялык көзөмөлгө алынды, ал эми 77 жаранды пробациялык көзөмөлгө алууга болбойт деген баяндама жасалган. Анткени алар кайра-кайра кылмыш жасай бергендиктен, көзөмөлгө алынган күндө да түзөлбөй, кайра эле кылмыш жасайт деген негизде ушундай корутунду чыгарылган [3].

Учурда Ош шаары боюнча пробация органында 300дөн ашуун кардар бар. Ал эми Баткен району боюнча 100го чукул кардар бар.

2019-жылдын аягында ноябрь айларына 5395 пробация кардары каттоого алынган жана аларга тийиштүү жардам көрсөтүлүп, көзөмөлдөнүп жатат.

Пробация департаменти мыйзам бузуу аракеттеринин жеңил түрүн жасаган жана абактан мөөнөтүнөн мурда бошотулган жарандарга ыктыярдуу түрдө социалдык жана психологиялык колдоо көрсөтөт.

"Алгач Пробация институту Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын карамагында эле. Кийин ал пробациянын түпкү эрежелерине ылайык келбей, күч түзүмдөрүнө тийиштиги жок Юстиция министрлигине өткөрүп берилди. Ага ылайык, 2019-жылы Пробация департаменти түзүлүп, 1-сентябрдан тарта ишин баштаган. Учурда департаменттин каттосунда 5395 пробация кардары бар. Аларга тийиштүү жардам көрсөтүлөт. Пробация институтунун ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн 138 штаттык орун бөлүнгөн. Учурда 89 кызматкерибиз бар. Дагы 49 орунга ачык сынак жарыяланды. Бул департаменттин курамын толуктоо аракеттеринин биринчи гана баскычы. Алдыда дагы эки этап болот. Талап кылынып жаткан адистердин ичинен 30 пайызы психологдор. Департаменттин курамы башкы аппараттан жана үч аймак аралык башкармалыктан турат. Өлкө аймагы боюнча ар бир райондо пробация органынын 54 өкүлчүлүгү бар. Мындан улам пробация институтуна муктаждыгы болгон ар бир жаран өлкөнүн бардык аймактарынан колдоо таба алат.

Ошондой эле ал пробация тууралуу мыйзам долбоору сот реформасын ишке ашыруу аракеттеринин алкагында кабыл алынып, 2019-жылдын 1-январында өлкөдөгү алгачкы Пробация институту түзүлгөн.

2019-жылдын 24-апрелиндеги №56 «Пробация институтун киргизүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» КР Мыйзамы кабыл алынды. Мыйзам менен «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүгүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктар 17-2-пункту менен толукталат.

Ал: «пробация органдарына учурдагы милдеттерди чечүүгө жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууга көмөктөшүү». Белгилей кетсек, буга чейин жогоруда айтылган Мыйзамдын долбоорун талкуулоо баскычында «пробация органдарына учурдагы милдеттерди чечүүгө жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууга көмөктөшүү» маселеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе катары киргизүү сунушталган.

Бул үчүн «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 18-беренесине тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилмек. Мамлекеттик органдардын компетенциясына тиешелүү болгон мындай түрдөгү иш-чаралар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына да тиешелүү болот [4].

КР Бюджеттик кодексинин 49-беренесинин 3-бөлүгү мамлекеттик органдарга билип туруп тиешелүү компенсацияны камсыз кылбастан жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын көбөйтүүгө алып келүүчү ишчараларды жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди кабыл алууга тыюу салат.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



**Корутунду.**

Дүйнө жүзү боюнча, мамлекеттердин кылмыш жазасына тартуу саясаты эркинен ажыратуунун ордуна альтернативдик ыкмаларды колдонууга умтулат. Бүткүл жазык сот адилеттиги коомчулугу бир нече себептерден улам түрмөгө кесилүүгө кайрадан каршы чыгышты. Кыргызстандын дүйнөлүк коомчулукка интеграцияланышы, коомду демократиялаштыруу жана өлкөнүн укук тутумун өркүндөтүү кылмыштуу саясатты гумандаштырууну талап кылды. Учурда биздин өлкөдө болуп жаткан кылмыш саясатын гумандаштыруунун чыныгы мааниси - бул кылмыш жоопкерчилигин жеңилдетүү гана эмес, ошондой эле мамлекетке акчаны үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк берген кылмыш жаза чараларын дифференциалдаштырылган жана ийкемдүү тутумун түзүү, кылмышкерди жазалоонун башка ыкмаларын колдонуу үчүн жетиштүү жазалоо.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Пробация жөнүндө 2017-жылдын 24-февралы № 34 мыйзамы.
2. Кыргыз Республикасынын жазык кодекси 2017-жылдын 2-февралы №19.
3. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси; 2017-жылдын 1-февралы № 18.
4. Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси; 2017-жылдын 13-апрели № 58.
5. Калматов А.Б. Вопросы теоретико-методологических аспектов изучения позитивной конституционной ответственности. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2014. №. 6. С. 167-170